## «О!Бонус» акциясын өткөрүү эрежелери

**«О!Бонус» акциясына кимдер катыша алат?**
«Мой О!» тиркемесинде идентификациядан өткөн жана «Мой О!» тиркемесинде төлөм шаймандарын колдонууда чектөөлөр коюлбаган, «Переходи на О!», «Сенин нөлүң», «Сенин Супернөлүң» «Окуучу», «Мугалим» линейкаларынын тарифтик пландарында тейленген абоненттер.

**Кошумча маалымат**

1. «О!Бонус» акциясына катышуу акысыз.
2. «О!Бонус» – бул «НУР Телеком» ЖЧК Компаниясы (О! Мобилдик оператору – мындан ары О!) тарабынан «НУР Телеком» ЖЧК абоненттери акцияга катышуунун шарттарын сактаган учурда аларга белгилүү бир өлчөмдө бонустардын берилиши жана бонустардын «Грин Телеком Сервис» ЖЧК Компаниясы тарабынан бонустук эсепке түшүрүлүшү каралган лоялдуулук акциясы (программасы) (мындан ары - «О!Бонус» акциясы).
3. «О!Бонус» акциясына катышуу жана бонустарга ээ болуу «Переходи на О!», «Сенин нөлүң», «Сенин Супернөлүң» «Окуучу», «Мугалим» линейкаларынын тарифтик пландарында айрым тарифтик пландарынан идентификациядан өткөрүлгөн «Мой О!» тиркемесинде төлөм шаймандарын колдонууда чектөөлөр (бөгөттөөнү кошкондо) коюлбаган О! абоненттеринин баарына жеткиликтүү.
4. Башка шарттар:

4.1. Бонустардын 1%ы азыраак жагына тегеректелген бүтүн суммадан эсептелет, мисалы, 10.1 сомдон 10.9 сомго чейинки сумма алынган болсо, анда сиздин эсебиңизге туура 1 БОНУС түшөт.
4.2. «О!Бонус» акциясына катышуу жеткиликтүү болгон башка тарифтик планга өтүүдө, же болбосо номерди кайра тариздөөдө топтолгон бонустар сакталат.
4.3. Номерди алмаштырган учурда топтолгон бонустар жаңы номерге өткөрүлөт.
4.4. Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарынын талаптарына ылайык идентификациядан өткөн жана төлөм шаймандарын колдонууга чектөөлөр коюлган абоненттер «Мой О!» тиркемесинде бонустар ыйгарылбайт. Ошол эле учурда, бардык бонустар «Мой О!» тиркемесинде сакталат жана чектөөлөр алынгандан кийин колдонулушу мүмкүн.
4.5. Бонустар бул учурларда жокко чыгарылат:
- номер өчүрүлгөндө, бул учурда SIM-карта байланыш кызматтарына жетүүнү токтоткон абалга келтирилет;
- бонустар эсептелгенден тартып 12 ай өткөндөн кийин, эгерде О! балансын толуктоо өнөктөштөрдүн кызматтары жана товарлары үчүн бонустар же эсептен чыгаруу жок болсо

4.6. Бонустарды туура эмес, ашыкча кошуп эсептегенде, мындай бонустарды бонустук эсептен чыгарып салуу жолу менен жөнгө салууга болот.
4.7. Чогулган бонустарды «О!Банк» ААКсынын карталарын же «Мой О!» тиркемеси кошулган башка банктардын карталарын толуктоо үчүн «О!Деньги» электрондук капчыгын же О!Бонус акциясынын алкагында жеткиликтүү болгон төлөмдөрдү кошпогондо, төлөмдөрдү жүргүзүүдө эсептелген бонустарды колдонууга болбойт.
4.8. Абоненттин жеке эсебин (О! балансы) аралаш ыкма менен толтурууга болот, ал учурдагы бонустарды жана «О!Банк» ААК банктык карталарынан жана «Мой О!» тиркемесиндеги «О!Деньги» электрондук капчыгын пайдалануу менен бир эле убакта толуктоону карайт.

**Төмөнкүлөр үчүн бонус берилбейт:**

- алынган суммасы 1 сомдон аз болгон кызматтар
- роуминг кызматтары
- спутниктик жана эл аралык байланыш кызматтары
- "Бүткүл Дүйнө!" кызматы
- O!TV, О!Кино, AMEDIATEKA, PREMIER, START, Этномедиа, MORE.TV кызматтары жана www.o.kg сайтында тизмеси келтирилген башка маалыматтык-көңүл ачуучу кызматтары
- «Автотөлөм», «Ишенимдүү төлөм», «Кийин төлө» кызматтары боюнча карызды жабууда акча каражаттарынын алынышы
- «Мой О!» тиркемесинде төлөм шаймандарын колдонууда чектөөлөр бар болгон учурда байланыш кызматтары үчүн акча каражаттарынын алынышы (төлөө)

Бөтөнчө учурлардын (бонустар берилбеген шарттардын) тизмеси «НУР Телеком» ЖЧК тарабынан бир жактуу тартипте өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн.

О! Мобилдик оператору жеке чечимине жараша жана жаңы шарттарды Компаниянын расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу абоненттердин «О!Бонус» акциясына катышуусунун шарттарын, бонустарды берүү шарттарын, бонустардын өлчөмүн өзгөртүү укугун сактап калат. «О!Бонус» акциясына катышуу менен, абонент акцияны өткөрүү шарттары менен макулдугун, ошондой эле www.o.kg сайтынан акциянын шарттарын өз алдынча көзөмөлдөө, алар менен таанышып туруу жана изилдеп-үйрөнүү зарылдыгы тууралуу маалыматка ээ экенин билдирет.
Абонент, «О!Бонус» акциясына кошулуу аркылуу, бонустарды берүү Компаниянын милдети эмес, укугу болуп эсептелери менен макулдугун тастыктайт. Акцияга катышуу шарттарынын өзгөрүшүнүн, абоненттин акцияга катышуу шарттарындагы өзгөрүүлөрдөн кабардар болбогонунун натыйжасында келип чыккан бардык жоготуулар же чыгымдар үчүн Компания жооп бербейт.

«О!Деньги» сервиси жана бонустук процессинг «Грин Телеком Сервис» ЖЧК тарабынан көрсөтүлөт. КРУБ 03.08.2017-ж. №2021030817, №3022030817 лицензиялары. «О!Банк» ААК. КРУБ от 17.09.2024-ж.№ 044